
Гыламидин Абдрахманов




Бишкек
2012

Гыламидин Абдрахманов

# МАНАС

## анын тарыхый инсандыгы жана доору

«МАНАСтын генеалогиялык санжырасы
жана айкелинин курулушу» китебинен үзүндү

Бишкек
2012

УДК 398
ББК 82.3 (2Ки)
А 13

**Абдрахманов Г.**

А 13 Манас анын тарыхый инсандыгы жана доору.–Б.:2012.- 48 б

**ISBN 978-9967-26-697-1**

Бул китеп көптөгөн адамдардын көктөн издегени жерден табылгандай болсо, бурмаланган тарыхтарга таянып калгандар үчүн төбөсү түшкөн асмандай эле болушу мүмкүн. Кыргыздын Манастан калган кызыл туусун манжулардын көк туусуна алмаштырууга далалат кылып жаткандарга жана «ичкиликтер кыргыз эмес» дешип жүргөн акылы тайкыларга өтө эле оордук кылат, андайлар бул китепти колго алышпай эле коюшсун.


Бул китеп андайлар үчүн эмес, эл үчүн күйүп-бышкан таза инсандар үчүн даярдалды.

А 4602000000-12

УДК 398
ББК 82.3 (2Ки)

ISBN 978-9967-26-697-1

©Абдрахманов Г., 2012



# 1. Манас, кыргыз тили боюнча пикирлер

Ушул күнгө чейин Манастын чыныгы инсандыгын күмөн санаткан, аны эпикалык каарманга айлантып салган окуялар өтө эле арбын кездеше баштады. Кандайча?

Манас тууралу кара сөз менен жазылып калтырылган жалгыз гана илимий булак – бул, Сайф-ад-дин ибн Хак-Аббас Аксикети 1503-жылы жазып калтырган «Мажму атут-таворих» кол жазма. Бул табылга, байыркы китептерди коммунисттер жана НКВД тарабынан жок кылуу аракетинде Кудай колдоп сакталып калган, Манастын реалдуу инсан экендигин, анын кимдер менен мамиле кылып жана согушканын көрсөткөн жападан жалгыз далилдүү дарек болуп саналат. Ал кол жазманы карманган Молдо Назармат Жайлообаев, ЧК адамдарынын зордуктап тартып алуусунан көп китептеринен айрылып, айрымдарын, анын ичинде ушул кол жазманы жашырып сактап калалган.

«Тарыхтар жыйнагы» бизден 500 жыл нары Манаска бир топ эле жакын доордо жазылыптыр. Китепте жазылган ар бир маалыматтын тууралыгына, автордун кудайдан корккон чындыкты гана айткан молдо экендиги ишенимдүү кепилдик берип турат. Мында Манас тууралу ар бир маалымат даана айтылып турса да, аны иликтөөнүн ордуна будуң-чаң кылынып кеткендигине, китепти которгон КРнын ИАнын КТАИнун кол жазмалар фондусунун башчысы Омор Сооронов өзүнүн «1503-жылы жазылган МАНАС» (Бишкек. 2003ж) аттуу эмгегинде илимий баа берип чечмелейт:

> ***«Манас» эпосунун 1000 жылдыгын майрамдамак болгондо, академик кыргыздан тарта короо шыпырган кыргызга чейин эле эпостун билерманы болуп, билген билбегени баары эле айтып да, жазып да жиберишти. Мындай тең ата «илимпоздук» улуу эпостун тиешелүү***

***деңгээлде илимий талдоого алынбай калышына себепкер болуп, анан да «Манас» иликтөөчүлөр ойду-келди жазылган пикирлердин дурусун дурус деп, бурушун буруш деп айтканга жарабай калганы себеп болуп кетти окшойт. Ошонун кесепетинен элибиздин түшүнүгүн туман аралап, тарыхый Адам Манас менен эпикалык Манас чаташтырылып, кыргыз баласынын башы будуң-чаң болуп турган кез. (14-бет)***

Анда, деги Манас деген ким өзү? Ал болгонбу? Биз Манасты кандайча билебиз? Бүгүнкү күндө да «Манас тарыхый жашап өткөн адамбы, же эпикалык түшүнүкпү?» деген эки кайчы суроонун айланасында кыргыз маалымат чөйрөсүндө гана эмес, илимпоздор арасында эле өз ара тескери, карама-каршы көз караштар жашап келүүдө.

Алар кандай өз ара тескери көз караштар эле?

Айрымдар: «*Манас – тарыхта болгон, жашап өткөн чыныгы инсан, ал кыргызды кыр-кырдан чогултуп эл кылган биздин баатыр бабабыз*» - дешсе, дагын биреөлөр: «*Манас болгон эмес, ал - эпикалык каарман*» - дешүүдө.

Бул эки кайчы пикирдин ар биринин жактоочулары өздөрүнүн көз караштарын өтө эле ишенимдүү айтышса да, бирок ага жүйөлүү далилдерди келтире албай, ошол эле учурда өздөрүнүн пикирлерине кайчы пикирлерди жокко чыгара албай да келишет.

Эмне үчүн? Мындай абалга биз кантип чалдыктык?

Чыныгы жоопту, кымбат баалуу, сырты кооздолгон китептерден эмес, тамтыгы чыккан болсо да, баткак ылайда жатса да, азын аздектеп, бурмаланганын күзгүдөн көргөндөй кылып тапса болот. Алгач, биздин тарых кылыч менен кырылып, кан менен жуулуп жок кылынгандыгын, жок кылынбай калган даректер өзгөртүлүп башка өң менен жазылып калганын моюнга алып алышыбыз керек.

Ошондой тарпы чыккан тарыхты өзгөртпөй өзүндөй кылып айтып берсең гана сага мектепте «5» койот, аттестат берет, университетке кабыл алат, диплом берет. Ошолор туура дешип, өңү өзгөргөн тарых кыштарын кынаша андан ары туман ичине тереңдеп окумуштуу болушуп, алардын эмгектерин окуй элдин башы маң айланган учур.

Тарых беттеринен Манас тууралуу реалдуу чындык кошо жоготулуп, аны ордуна коюуга, кыргыздын Манастын кызыл туусунун астында биригүүсүнө, тууну көк түскө өткөрүүгө, Манастын реалдуу болгон инсан экендигин көрсөтүүгө баш оту менен каршы болуп жаткан жазуучулар да чыгып жатышат. Алгач Манас тууралуу жаралчу суроолорго кайрылып көрөлү.

***«Манас тарыхта жашап өткөн тарихый инсан»*** деген пикирден улам пайда болуучу суроолор:

- Эгер Манас тарыхта жашап өткөн тарыхый инсан болсо, анда эмне үчүн ал кыргыз тарыхында жок?
- Манас тарыхый инсан болсо, анда ал кайсы доордо, жылдарда туулуп, жашап өткөн?
- Манас болгон болсо, эмне үчүн анын генеалогиялик санжырасы жок, анын уруусу кайсы эле?
- Эпостогу оң, терс каармандардын, жер-суулардын топонимикалык аттары, шаарлардын аталыштары тарых барактарында бадырайып жазылып турса да, Манастын каарман катары тарых барактарынан кездешпей жатышын кандайча түшүнсө болот?
- Тажик элинин арасында (Варухта), Каныкейдин Манаска бара жаткандыгы тууралуу оозэки ырлар айтылып турса да, (Майрам Жоош кызы таап чыкты) Манастын чыныгы инсан экендиги көрүнүп турса да, анан эмне үчүн «Манас эпикалык түшүнүк» деп анын чыныгы инсандыгы танылып айтылат?
- Манас менен кармашкан Алооке сымал хандардын даректери тарыхта бажырайып жазылып турса да,

эмне үчүн Манастын аты ошол доорлордо, ал турсун башка доорлордо да такыр эле кездешпейт?

- Балким, «Душманынын тарыхын билсе билсин, бирок өз тарыхын билбей калсын» деген саясаттан улам ушундай абалга жетип калган болуп жүрбөйлү?
- Балким, Манастын тупкү тегин өзгөртө албай, ошон үчүн атайылап тарыхка киргизишпей келишкендир?

***«Манас эпикалык каарман, ал болгон эмес»*** деген пикирден улам пайда болуучу суроолор:

- Манас болгон эмес, эпикалык каарман болсо, анан ал кантип биздин каны-жаныбызга сиңип калган?
- Манас болгон эмес болсо, «Анжиян шаары Манастын бабасы Түбөй тарабынан курулган» деген тарыхый дарек кайда калат?
- Манас болбогон болсо, анда эмне эле «Манас атабыз», «Манас күмбөзү» деп эле көкүрөк кагабыз?
- Кыргыздын бүткүл тарбиялык идеологиясы Манаска негизделип олтурат. Эгер Манас болбогон десек, кыргыз идеологиябыз негизсиз (пайдубалсыз) кулаб калбайбы? Манас эпикалык болсо, анда анын атынан кыргыз улутунун эл аралык аренадагы саясий жана маданий жумуштар эмнеге негизделген болот?
- Эгер Манас болбогон болсо, анда ушул күнгө чейинки маданияттагы, адабияттагы, тарбиядагы жасалып, жазылып келген жумуштардын тагдыры эмне болот?
- «Манас болгон эмес» деп жүрүп, Манаска негизделген улуу сый-урматтар менен кошо өзүбүз да таштандыга айланып калбайбызбы?
- «Манас болгон эмес», «кыргыз башка эл, кыпчак башка эл» деп жүрүп, бүткүл тарыхыбыздан, анын артынан Манастан да куру калып жүрбөйлү?
- Семетейдин кайып болуп кетишин эмне үчүн реалдуу турмуш менен айкалыштыра айта албай келе жатабыз?

Мына ушул кайчы пикирлер кыргыздын биримдиги үчүн өтө эле кооптуу болуп, «элим–жерим» деген атуулдар үчүн ойлонууга, тынчсызданууга негиз болуп берер деген үмүт.

Мындай абалдардан улам, жүйөлүү суроолор туулат:

- ***«Биз кыргыздар өз бабабыз тууралу бир пикирге келе албай жатып, анан кантип бир эл болуп биригебиз, анан кантип кыргыз элинин чыныгы тарыхы табылат?»***
- Балким, жогорттогу кайчы пикирлер кыргыздын бөлүнүү трагедиясынын көрүнүшү болуп жүрбөсүн?
- ***Кыргыз эли кантип бөлүнүп-жарылып жатат, андай кырдаалга кандай күч алып келүүдө?*** Кыргыз элинин ичинде кыргыздашып кеткен, кыргыздын илимий булактарынын бийик бутактарына жетишкен калмак кандуулар өтө эле арбын кезигет. Ал элдин карапайым өкүлдөрү тынч жашоону гана эңсешет. Бирок алардын тарыхчы, саясатчы өкүлдөрү кыргызды бөлүп-жарууга барбайт деп ким кепилдик бере алат? Андайлар, өз жерин сырткы душмандардан сактап калуу үчүн Манастын, XVII–XVIII кылымдардагы кыргыз-казах элдеринин калмакка аттануул арын унута алабы? Балким, кыргызды бөлүп-жаруу үчүн тууну үч түстө көрсөтүүгө, же кыргыздын Манастан калган кызыл туусун көк түскө өзгөртүүгө ынтызар болгондор ушулар болуп жүрбөсүн?

Бул суроолорго, кыргыз элин бөлүп-жарууга жол бербөө үчүн аракет кылууну башкы максат кылуучулар өздөрү жооп таап аракет жасашар.

Айрымдар айтышат «кыргыздын душманы кыргыз» деп, бул тыянак да куру жерден чыкпагандыр.

Кыргыз элинин бөлүнүп–жарылуусуна, биринчи болуп тарыхчылар күнөөлүү болуп жаткандай.

Биз, «байыртадан ушул күнгө чейинки тарыхтар бурмаланбастан туура жазылып, ошол бойдон бузулбастан сакталып келе жатат» деп айта алабызбы? Бардыгы бир добуштан «жок!» дешип, айрыкча түрк тектүү элдердин тарыхы жок кылынганын, жок болбогону бурмаланып кайра жазылганына эч ким деле күмөн кылышпайт. Мына ошол бурмаланган тарыхты ошондой кылып айтып гана «5» алып

жатпайбызбы. Ошондой кылып айтып Москвадан барып «беседадан» өтүп, анан обкомдун, ЦКнын секретарлары боло чоңоюп, анан ошол саясатты жүргүзүп келишкен болсо, бүгүнкүлөрү туурасын таппаса да катасын билип албайбы. Аларды ээрчий «ушунуку туура» деп, браттар каалагандай «беседадан» өтүп келгендер Москөөсүнөн сөз эшитип албай турган кылып «Манас» эпосу кайра-кайра өзгөртүлүп, жүнүн жулган тооктой болуп калды. Ошону окуп илимпоз болуп отургандар кантип «меники туура эмес» деп айтышсын. Натыйжасы, өз тегин өзү танган мүнөз биротоло калыптана ар ким эле билген боло башкаруу эмес түшүндүрүп болбой турган «талпага» айланып бараткандайбыз.

Мына ошол «өздөштүргөн» тарыхты бири билип жазат, бири билбей жазат, ал жазууну кийинкиси «мындай турбайбы» деп өз оюна негиз кылып алат, аныкын дагы бирөө иле алып, ал да өз оюн кошуп улантат. Андан ары тоодон таш кулагандай улам жолдо дагын башканы кошуп күчөй берет. Бир далай өткөндөн кийин баякы тарых таптакыр башкача болуп, ошондой тарых жазылган кагаз саргарып, «саргарып калган барактагы туура» болуп, биротоло калыптана баштайт.

1924-жылга чейин бүткүл **ЕВРАЗИЯ** аймагында азыркы казахтар «кыргыз» болуп, бүгүнкү кыргыздар «кара-кыргыз» делинип аталып келгени белгилүү. Андай болсо, тарых барактарынан «кыргыз» деген жазуунун бардыгын эле «кыргыз тарыхы» деп жазгандардыкы туура болор бекен? Же, ошондой призмадан өз тарыхын жаза баштаган казактарды «алар биздин тарыхты уурдап жатышат» деп чуу салып жаткандар туура пикирдеби?

Айрым кыргыз тарых иликтөөчүлөрү, саясатчылары өтө жаман опурталдуу саясат менен, өтө туура эмес тарыхый маалыматтар менен шугулданышып, кыргыз элин биротоло

бөлүнүүгө алып келүүдө. Сокур тарыхчылардын сокур малыматтарынын коркунучтуулугу, карапайым элдин сокур түшүнүгүнө уялап калышында болуп жатат.

Дагын бирөөсү «түнүндө түшүмө аян болду» деп айтып чыгат, аны бирөөсү жазып чыгат, калгандары «мына биздин тарыхыбыз» деп көтөрүп чыгат. Бишкекте бир абройлуу журналдын редакциясына чакырышкан экен барсам, ал жерде олтурган бир жигитти таныштырып калышты «кыргызды келечектен үмүттөндүргөн» деп. Ал жигит чү дегенде эле «биз жума сайын Дастан Сарыгулов менен жолугуп, анын кеп-кеңешин угуп турабыз. Анан да, кыргыздар Адам-Атадан да мурдагы эл болушат» деп айтты эле, кайсы жерге келип калганмын деп чыгып кеттим. Унчукпай эле аягына чейин кулак төшөп олтурбаптырмын деп калдым, көрсө, андай сөз айрым региондордо жакшы эле отурукташып алыптыр. Дегеним, абийирдүү эле бирөө «Адам-Ата кыргыз болгон» («Кыргыз Туусу» гезити 2012ж. январь) деп макала жазып жибериптир. Биз ушундай «тарыхчылардан» да курук эмес экенбиз.

Саясатчылар тарабынан элди бөлүп-жаруу үчүн да атайын жасалма «тарыхтар», жасалма «санжыралар» даярдалып, эл арасын жөө тумандай аралаттырган учурлар кезиге баштады. Мына ошондой диверсия Кокон хандыгын багындыруу компаниясында Ак падыша кызматкерлери тарабынан кеңири колдонулгандыгы да жашыруун эмес.

Кыргыз элин бөлүп-жарылууга алып бара жаткан коркунучтуу маалыматтардын башаты кайда жатат?

***Ал, Кокон хандыгын алсыратуу үчүн кыргызды түндүк–түштүк кылып, андан ары «кыргыз башка, кыпчак башка» деп атайын бөлүп-жарууга багытталган саясаттын тамыры бүгүнкү тарыхчылар тарабынан кургатылбай, тескерисинен***

***саясатчылар аны колдонушуп жатышы, ал маалыматтын эл арасында тамырлап бара жатышы болуп саналат.***

Ал абал түрдүү «билерман» тарыхчылар, ээрчиме сатчылар тарабынан өчүрүлбөстөн, тескерисинен күндөн-күнгө сокур баяндарынан улам да күчөп келүүдө.

Биздин азыркы тарыхчыларыбыз айткан даректер кыргыз элин кайсы бир тунгуюкка алып бара жатканы аз келгенсип, дүйнөлүк маалымат чөйрөсүндө өтө эле уят абалга алып калганын эмнегедир сезбей жатышкандай.

Мына ушундай абалдан улам, жалпы кыргыз окурмандарынын ортосуна ***«мындай абал эмнеден курчуп бара жатат, эмнелерден байкалып турат?»*** деген суроону таштоо менен, анан да жалпыга маалим болуп калган окуяларды эске алуу менен эле чечмелеп көрөлү.

1. Кыргыз элинин арасын эң эле коркунучтуу жасалма саясат аралап жүрөт «Кыргызды кыргыз башкарганда гана кыргыз оңолот» деген. Бул патриот сөздөр бир караганда туурадай баамдалганы менен, авторлордун көз карашы, айтайын дегени таптакыр башка жакта. Ушул күнгө чейин кыргыз элинин эгемендиги үчүн өмүрлөрүн өрткө салып, кыргыздын башын бириктирип, Кыргыз Мамлекетин түптөгөн, өнүктүргөн кыргыздын ичкилик канатынан болушкан Абдыкадыр Орозбеков, Төрөбай Кулатов, Мурад Салихов, Исхак Раззаков, Апсамат Масалиев ж.б. улуу инсандар «кыргыз эмес» имиш. Мына ушундай коркунучтуу саясатты тымызын жүргүзүп коюп, бийликке жутунуп жаткандар кыргыз элинин башына жакшылык алып келет деп ким айта алат?
2. Же булар «Ичкиликтер кыргыз эмес» деген тымызын ураан менен бул элдин улуу маданий мурасы болгон «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Курманбек», «Эр Төштүк», «Эр Табылды», «Сарынжы-Бөкөй», «Олжабай менен Кишимжан», ж.б. кыргыз элинин жан дүйнөсүнөн орун алган, кыргызды дүйнөгө тааныткан

улуу-кичүү эпостордон кыргызды кур жалак калтыруу максатында жүрүшөбү?

3. «Бүткүл түрк тектүү элдердин (алардын саны 42) түпкү теги, Европа элдеринин дээрлик жарымынан көбүнүн теги байыркы кыпчактар» экендиги даана ачык болуп калган мезгилде, «кыргыздар байыркы кыпчактардын мураскери» деп айтуунун ордуна алардын баатырдык тарыхый окуяларын, улуу инсандарын «кыргыздар» деп, анан эле «кыргыз башка, кыпчак башка» деп айтуу адилеттүү болор бекен?
4. Дастан Сарыгулов КТРден Мурад Аджинин «КЫПЧАКИ, древняя история тюрков» деген китебин элге көрсөтүп, «мына көрдүңөрбү, бул китеп, биз кыргыздар байыркы эл экендигибиз тууралу, кыргыздын дини байыркы зороастризм дининен да мурдагы Теңир дини болгону тууралу экен» деп жарыя айтты. Ал китептеги даректер, маалыматтар, окуялардын бардыгы байыркы кыпчактар тууралу айтат. Дастан Сарыгулов «Мына көрдүңөрбү, биз байыркы кыпчактардын бир бутагы, болгондо да эң жакын мураскору экенбиз» деп айтканда, байыркы баалуулуктар чындап кыргыз энчисине тиймек. Бул кыргызды артык кылам деп тыртык кылгандык да.
5. Сапарбек Закиров «Кыргыз санжырасы» китебинде «Аттила кыргыз болгон» деп жазса «уят болдук» деген жан жок. Карапайым эл мейли билбесин, аны билип турган окумуштуулар эмне «кыргыз дагы шерменде боло берсин» деп турушабы? Бирок, орус, грек, италия, араб, ж.б. европа тарыхтарынын баарында эле «Гунндардын жол башчысы Аттила кыпчак (половец) болуп, бүткүл Европаны алдына чөгөлөткөн, анын атынан көптөгөн топонимикалык аттар, маселен «Волга» дарыясы «Итил» аталган» деп берилет.

Байыркы Улуу Кыпчактардын каарман окуяларын, тарыхта өчпөс инсандарын «кыргыз» деп айткандан уялбай эле, анан «кыргыз башка, кыпчак башка» деп уят-сыйытты унута айтканды кандай түшүнсө болот?

6. 2010-жылда болуп өткөн каргашалуу июнь окуясынан кийин, «биз демократияга жетебиз деп аракеттенип жатсак, бу сарттар өзбектер менен урушуп жалпы ишибизге кедергисин тийгизип жатышты» деген, кыргыз элинин жарымын «сарт» деп, кыргыздын тегин билбеген, кыргыздын биримдигине кайдыгер болушкан, бийлик үчүн көзү кызарган азаматтар да чыгып кетти. Өз элинин жери, мекени, аброю үчүн өлүмгө тике барышкан кыргыз жигиттерине ушундай баа берилип кетти.
7. 2010-жылдагы окуялардан кийин Бишкекте Кожомкул атындагы спорт сарайынын алдындагы жарылууну «аныктай» койгон «Какчекеев деген билерман» working сарсп салуучу КТРден «түндүк элинин өкүлдөрү түштүктөгү каргашалуу окуяларды басууга катышып, түштүк элине жаман көрүнүшүп калгандыктан, бул жарылуу түштүк элинин өкүлдөрү тарабынан жасалды» деп, кыргызды түндүк-түштүк кылып бөлүүчүлөрдүн жаркын өкүлү болуп жатканы эмеспи?

Мына ушундай коркунучтуу көрүнүштөрдөн улам, кыргыз элинин тарыхын, анын баатыр бабасы Манастын тарыхын да бурмалап, «түнүндө аян болуп, эртеси тура калып» жазып жатышкандар чыгып жатат.

***Тозоктун отундай бөлүнүүгө дуушар болгон кыргыз элин бириктирүүгө кедерги болуп жаткан дагын бир көрүнүш, бул - кыргыз тилинин бүткүл кыргыз журтчулугун камтый албай, өнүкпөй жаткан абалы болуп калууда.***

Кыргыз тилинин мындай абалдарга кириптер болушу, тил тармагындагы жооптуу кызматкерлердин, алар менен жанаша чапкан окумуштуу сөрөйлөрдүн регионалисттик көз караштан эч эле айрыла алышпай жатышкандыктары болууда. Албетте, булардын орду толгус коркунучтуу аракеттерине жана жоруктарына карата ачуу чындыкты ортого салууга туура келет.

Нарындын солто уруусунан чыккан кыргыздын улуу акылманы Молдо Кылыч 1911-жылы Казан шаарынан араб арибинде жазылып жарык көргөн «Зилзала» китебинде элдин бөлүнүп жаткандыгын зар какшап айтат. Зилзала бул жер титирөө, жер кыртышынан жарака кетүүсү. Бирок китептин негизги идеясы элдин ортосундагы жаракага багытталып, өзүнүн да жүрөгүндөгү жараканы баяндайт.

Бул китепти даярдоочулар китеп башында: «Молдо Кылычтын «Зилзаласы» ошол кездеги орток тилдин үлгүсүнө салынган. Аны башкача (кыргыз эмес тилде) жазган деп айта албайбыз» - деп эскеришет.

Ал кайсы орток тил эле?

Ал эми Молдо Кылыч өзү бул китебине кийинчерээк кайра кайрылып, анда: «1911-жылы казак менен кыргыздын алфавити бирдей болгон. 1912-жылы Ахмед Байтурсунов ошол бирдиктүв алфавиттен казак диалектисин бөлүп чыкты. 1924-жылы Ешеналы Арабаев кыргыз диалектисин казактан бөлүп чыкты» - деп баш сөз жазат. Молдо Кылыч казак менен кыргыз алгач бир тилде сүйлөп, бир альфавитте жазганы, анан барып бөлүнгөнүн кейип айтат.

Анда ал кайсы бир тил эле?

Ешеналы Арабаев албетте патриоттук иш кылган, ал өзү билген, колу жеткен кыргыздардын сүйлөгөн сөзүн иликтеди. Анын Баткен тараптагы, Наманген, Паргана, Анжиян, Жыззак тараптагы, же Кытайдагы кыргыздардын тилин иликтөөгө мүмкүнчүлүгү жок эле. Эгер анын мүмүнчүлүгү болгондо, бүткүл кыргыздардын тилин жалпылап, кыргыз тилин Улуу даражага алып чыкмак.

Бирок Е.Арабаев даярдаган кыргыз тили боюнча илим ошол бойдон токтолуп калды. Анын артынан келген тил багытындагы окумуштуулар андай кадамга барууга алардын ичи тардыгы такыр жол бербей койду окшойт, калган

региондордогу кыргыз тилин «диалеттик» деп гана атап кутулуп кетишти. Азыркы «Эне тили» аталып келе жаткан тилибиз, калган жалпы Аалам кыргыздарынын тилинин өтө эле аянычтуу пайызын ээлеп турат.

Баткен эли ата-бабаларынан калган Манас айтылган тилди жоготпой ошол тилде сүйлөп, өмүр кечирип келишет. Бирок, булар сүйлөгөн сөзду «биз кыргыз тилин өнүктүрүп жатабыз» дешкен, бирок иш жүзүндө таптакыр тескери жумуш жасап жатышкан регионалисттер жаза алышпайт.

Өз эне тилинде сүйлөгөн сөзүндө жазалбай олтурса, мындан ашкан кайсы кемсинтүү бар? Бардык региондорду ортого тартып, алардын тилин, маданиятын, тарыхын жалпылап ортолукка айтантпаса, анда кайсы биримдик? Эгер бир региондун тили, маданияты, уруусу өгөйлөнүп жатса, өз дартын айтса эле «силер бөлүнүп жатасыңар» деген кине коюлуп олтурса, анан алардын кантип ичи жылысын? Элди бириктирбей жаткан – мына ушулар болуп жүрбөсүн?

Кыргыздарда, элдин аз сандагы бөлүгүнүн тили негизги тил болуп, көпчүлүк сүйлөгөн тил «диалеттик» аталып калган адилетсиздик, албетте кайра каралууга алып барат.

Азыркы кыргыздын 36 тамгасы менен Баткен тилинде айтылган сөздөрду жазууга таптакыр мүмкүн эмес, ал үчүн жок эле дегенде кошумча 2 арип керек болот.

«Манас» эпосуна эле кайрылып көрөлү.

Саякбай Каралаевдин да, Сагынбай Орозбаковдун да айтуусундагы «Манас» эпосу китептеринин арт жагында көлөмдүү түшүндүрмөлөр жазылган. Кыргызга да кыргыз сөзү түшүндүрүлөбү? Балким ал сөздөр Манас мезгилинде пайдаланылып, бүгүн пайдаланылбай калгандыр? Андай болсо, саны 10-15тей болсо мейли эле, бирок ал кадимки эки элдин орто «словарындай» өтө көлөмдүү болуп жатпайбы.

Анда манасчылар айткан кайсы сөз, кайсы тил эле?

Мына ошол сөздөрдүн бардыгы түшүндүрмөгө мухтаж болбой эле Баткен элинин күнүмдүк турмушунда кеңири пайдаланылып келе жаткан сөздөр.

Орто кылымдагы «чагатай тилинен» азыркы өзбек, казах, ж.б. тилдери келип чыгып, Молодо Кылыч айткандай казак-кыргыздын тили бир болуп, «Манас» эпосу да байыртадан эле «чагатай тилинде» айтылып, ал тилде орто кылым ойчулдары Девонаи Машраф, Ахмед-Яссевий, Жусуп Баласагуний, Махмуд Кашкарий, Алишер Навои сүйлөшүп, алардын чыгармалары «Гөр углу» сыяктуу улуу дастандар менен кошо ошол тилде дүйнө элдерин кыдырып жүрөт. Чынгызхандын экинчи уулу бийлеген Чагатай империянын аймагында калган казак, кыргыз, өзбек, кара-калпак, түркмөн элдери менен парсылар, кытайлар, араптар ортолук ошол «чагатай тили» тилинде сүйлөшүп, мамиле кылышып, соодалашып турушкан.

Анда ал ортолук «чагатай тили» кайсы тил эле?

Аалам кыргыздары Кытайда, Туркияда, Пакистанда, Афганистанда, Иорданияда, Тажикстанда, Өзбекстанда өмүр кечиришип, ошол элдердин дээрлик бардыгынын сөзү Баткен тили менен дал келип, мына ошолордун бардыгынын тили ошол «чагатай тилинин» тикелей мураскери экендигин оңой эле баамдоого болот.

Көп адамдардын жүрөгү көтөрбөсө да айтып коюу мезгили келди окшойт, ошол «чагатай тили» кыпчак тили болуп, Баткен тили ошол тилдин мураскери болуп саналат.

Бүгүнкү регионалист окумуштуулар, саясатчылар мына ошол элди, ал элдин тилин өгөйлөп жүрүп, кыргыз тили өнүкпөй, кыргыз эли бириге албай, бөлүнүп келе жатат. Бул көз карашты окуя менен бекемдейин.

2012-жылдын 21-февраль күнү Бүткүл дүйнөлүк тил күнүнө карата «Азаттык» радио берүүсүндө кыргыз тилинин

абалы тууралу түз эфир болуп жаткан. Бир азамат чыгып, «кыргыз тилин кубаттабай жатат» деген таризде «мына Ош тараптагы кыргыздар өзбекче сүйлөп калышты» деп балп этип жиберди. Мен анын сөзүнөн, ал кишинин абдан регионалист болуп калганын, эмне эле болсо Ош тарапты каралоого ышкыбоз экенин, анын кыргыздар жашашкан аймактардагы тилдин орду тууралу таптакыр түшүнүгү жок чолток экендигин баамдадым. Ош, Баткен, Жалалабад тараптагы эл эч кандай өзбекче сүйлөп кетишкен жок, алар өздөрүнүн ата-бабаларынын эле сөздөрүн ыйык сактап келе жатышат. Мындай сөздөр айтылып жүргөн мезгилде өзбек деген этнос али жарала элек болучу. Ал эми кыргыз тили өнүгүүнүн ордуна жанагындай манкурттардын катмарын коюулантып гана келе жатат.

Өз үйүмдө эле болгон бир окуяны айтып берейин.

Мектепте 1-класста окуган неберем апасына «мен кыргыз тили сабагынан 3 алып калдым» десе, апасы чунандап калды «эмне болуп?» деп. Көрсө эжекейи жат жазуу жаздырганда, тооктун балапанын неберем «чөжө» деп жазса, эжекейи аны «жөжө» деп оңдоп коюптур. Анда кыргыз тилинен мугалим энеси «ооба, жөжө деп жазышың керек эле» десе, неберем «силер туура эмес айтып жатасыңар, мен туура жазган болчумун» деп жер тепкилеп ыйлап жиберди.

Мен аларды карап туруп, «бул менин неберемдин эле трагедиясы эмес, бул бүткүл Баткен элинин, Баткен тилине тектеш элдердин трагедиясы» деп койдум. Эл өзүнүн тили менен кошо, бабаларынан калган баалуулуктардан кур жалак калып, өз бабасы Манасты да айта албай олтурат.

Манас тууралу эпос канчалык көлөмдүү болгон болсо, бүгүнкү күнү ал тууралу баш айлантма маалыматтар да ошондой көлөмгө жетип калды.

Көп жылдык тарыхый иликтөөлөрдөн жана азыркы саясий абалдан улам өзүнчө тыянак келип чыккан эле:

***«Бүткүл түрк тектүү элдердин бардыгынын түбү кыпчактар, Европа элдеринин жарымынан көбүнүн түпкү тамыры да кыпчактарга барып такалат. Эгер биз, кыргыздар, өзүбүздүн түбүбүз байыркы кыпчактар экендигин моюндай албасак, анда кыргыз тарыхы эч качан чыкпайт, тунгуюкка барып такалып, ал турсун, Манастан да курук калабыз».***

Бул чындыкты бурмалоого «тарыхты бурмалаган пес болот» дегенди билгендер барышпайт. Мезгил болду, ким өзүн «кыпчакмын» десе, ал өлүмгө кириптер болгон. Мезгил болот, ким болбосун өзүн «кыпчак» дей турган. Канчалаган бурмалоолор болбосун, кыргыздын улуу рух чокусу «Манас» эпосунун баш каарманы Манастын теги кыргыздын кыпчак уруусунан экендигин эч ким, эч качан бурмалай албайт.

Кытайлык Жусуп Мамай Кыргыз телесинен: «Кытай борбору Пекинде дүйнө боюнча эң баалуу тарыхый архив бар. Ал жерге атайын уруксат менен гана кирилет. Тарых иликтөөчү катары мага уруксат беришти эле, ал жерден Манастын теги кыпчак деп жазылып турганын көрдүм» - деп айткан сөзүн баары эле унутуп калбаса керек.



## 2. Манастын реалдуулугу жана доору

Манас болгон, анын доорун XIV кылымдан ары алпарууга мүмкүн эмес! Ал XIV кылымда гана душмандар менен чабышып, достор менен кучакташа алат. Ушул доордо гана шаарлардын, жер-суулардын топонимикалык аттары жоголбой так айтылат. Ал эми анын чындыгына күмөн санагандар, кыргызды көп нерседен кур калтырышат.

Айрымдар Манасты тарыхый даректерден жолуктура алышпай, «Манас болгон эмес, ал эпикалык түшүнүк» деп жиберишет. Андайлар, «Манас болсо болгондур, бирок «Манас» деген ат бизге эпикалык түшүнүк катары келди» деп айтышса кечиримдүү болмок.

Даректүү тарыхтарда, илимий булактарда, анан калса эпостордо «Манас», «Түбөй», «Анжыян», «Алооке» деген сөздөр кеңири кездешет. Ошол сөздөрдүн синтездик байланышы, тарыхый ордулары тууралу сөз кылып көрөлү.

Саякбай Каралаевдин айтуусундагы «Манас» эпосу, Алооке-хан кыргыздарды басып, Түбөйдөн калган түктүү туу, Ногойдон калган нооту туу, Ороздон калган кызыл туулар кулап, борбору Анжыян шаарын тартып алганы менен башталат. Ал эми Сагымбай Орозбаков айтуусундагы «Манас» эпосунда Анжыян шаары кыргыздардын борбор шаары экендиги, Манастын: «Анжиян бабаларымдан калган шаар эле» деген сөзү менен эске алынат.

Эпостогу айрым куплеттерге кайрылып көрөлү.

*«Ыспара-Алай арасы,*
*Кан атамдын жери экен,*
*Аны албай бул жакта,*
*Жүргөнүм мага эп бекен»* делинип, Ата Мекени эске алынса, С.Орозбаков вариантынын 2-томунда Анжыян бир канча жолу (12, 13, 147, 177 – беттер) оозго алынат:

*«Алтайдан көчүп алсак дейм,*
*Анжыян жакка барсак дейм.*
*Атамдан калган Анжиян,*
*Акыры издеп тапсам дейм.»*
*«Башта ушул Анжыян,*
*Бабам өскөн жер экен,*
*Акыры ага барсам дейм,*
*Аны кайра алсам дейм»* .

Манас Анжиянды кайра алганы, анда бабаларыбыз жашап келгендигин эч ким өзгөртүп сала албайт.

Айрымдар «эпос бул жомок да» деп, бул айтууга күмөндө болушса, дагын бирөөлөр «Анжыян биздин борбор болсо, анан эмне олтурабыз кайра бер дебей» деши да мүмкүн. Ал шаарды курган Манастын бабасы Түбөй кыпчак болсо, бүгүнкү кыргыз да, өзбеги да түрк-кыпчактын бутактары болушуп, азыркы Анжыян тургундары асмандан түшкөн жок, теги кыпчак болуп ошол шаардын ээлери болуп келе жатат.

Анжыян шаары салмактуу Парсы тарыхый даректеринде (Б.Гафуров. «Тожикон». 2-том) Анжыян шаары ***1282-1306-жылдар аралыгында кыпчак Тубехан*** (Манастын бабасы) тарабынан курулгандыгы айтылат. Академик Бобожон Гафуров СССР Илимдер Академиясынын чыныгы мүчөсү, Тажик ИАнын башчысы, көп жылдар Тажик ССРинин башчысы (I секр-ы), тажиктер тууралу эки томдуктун автору.

Бобожон Гафуровдун бул дареги, Манастын чоң атасы кайсы доордо экендигин көрсөтүп турат. Бул датага башка булактагы даталар да туура келет.

Абытай Өмүралиев «Түрк-ата, кыргыз каганаты, Манас тарыхы» китебинде (39-бет) «Жакыптын аялы Чыйырды (өз аты Шакан) ***1346-жылы Манасты төрөйт»*** деп жазат. Ага кошумча «Манас Амир Темурдун кызына үйлөнгөн» деген

маалыматы жаңылык. Бирок, бул маалыматтарды төгүнгө чыгарып салбоо керек. Азырынча кармана туралы.

Абытай Өмүралиев «Манас» эпосундагы тунгуюкту ачып берип жаткандай. Алгач эпос боюнча баралы. Семетей бөбөк кезинен Самаркандда таятасы Темирдин колуна барып, таякесинин колунда тарбияланат. Эрежеге жеткенде өзүнүн ата-теги ким экендигин, атасы Манас, жери Талас экендигин билип, Таласка келет. Таласта Бакайга жолугуп, чоң атасы Жакыпты баш кылып, атасы Манас менен аталаш бир тууган болушкан Абыке-Көбөштү өлтүртөт. Мына кызык, Семетей эмне үчүн өз жакындарын өлүмгө кыйды, кайсы күнөөлөрү үчүн? Эпосто Семетейдин жасаган жоруктары реалдуу чындык менен байланышпай, аны канчалык көкөлөтпөсүн, аны канкор, кем акыл кылып көрсөтүп салгандай.

Ал эми А.Өмүралиев бул чиелешкен окуянын реалдуу чындыгын таап берген. Саресеп салалы.

Амир Темир Чынгызхандын акыркы тирөөчү болгон Алтын Ордону талкалап, Токтамышты тактан айдап, ара жолдо Москва баш болгон княжестволор көз карандылыктан бошонуп калат. Манастын атасы Жакып, анын атасы Ногой. Ногой Батыйдын жээни болгондон, Жакып Чынгызхан урпактары тарапта болот. Ал эми Чынгызхан урпактарын чапкан Амир Темирдин кызы Санирабегимди Манас алып, анын түмөн башчысы болуп, ислам дининин тирөөчү аталган Амир Темирдин таасири астында исламды кабыл алат. Манастын атасы Жакып Чынгызхандын урпактары тарапта, дини башка, Манас өзү Амир Темир тарапта, дини ислам боло ата-бала карама-каршы саясий күчтөрдүн эки уюлунда калышып, касташууга душ болушат.

Эпостогу окуялар апыртма, жомок сыяктуу сезилсе, Абытай Өмүралиевдин версиялары, ушул күнгө чейин бир да жерде кездешпесе да чындыктын жышанын берип турат.

Манастын доору аныкталбай, анын чыныгы инсан экендиги көмүскөдө кала бермек. А.Өмүралиев Манастын доорун XIV кылымда деп көрсөтөт. Анын бул табылгасы Бобожон Гафуров көрсөткөн доорго дал келип турат.

А.Өмүралиевдин баалуу тарыхый маалыматтары менен эсептешпей коюуга да болбойт. Анткени ал Манастын доорун жана андагы окуяларды даана ачып бере алган. Чындыкка баруу үчүн айрым цитаталарын карап көрөлү:

1. Манастын чоң атасы Ногойхан чыңгызиддерге жээн болот, тагыраагы Жучинин (Жоочу) уулу Хан Батыйга. Жучи кыргыздарга барып, «бир Угуздун балдарыбыз, бизге кошулгула, түрк элин бириктирели» дегенде, кыргыздар макул болуп, Чыңгызхан Көгөйгө Жучинин кызын берип, куда-сөөк болушат. Көгөйдөн Ногой төрөлүп, ал 15 жашында миң башы болуп, кийин Хан Батыйдын аскеринде бир түмөндү башкарып, ***1237-жылы*** Киевди алат. (38-бет)
2. Ногойдун аялы Грек падышасынын Дафина деген кызы болгон. Дафинаны грузин падышасына күйөөгө узатып бараткан кербенди Батыйдын аскерлери колго түшүрүп, Батый ооруп жатканда, аны Дафина күчтүү дарыгер катары айыктырат. Хан Батый Давинаны Ордодогу агасына жөнөтө турган болуп турганда, аны Ногой алып качып кетет. Беш күндөн кийин курун мойнуна салып Батыйдын алдына келет. Өзү эр, бир жагы жээни, согуштук аракеттерде керекке жарайт деп күнөөсүн кечирет. Ногой нойон болуп, Киев шаарын алуудагы салгылашууда катуу жарадар болуп, аны да Дафина дарылап сакайтат. (39-бет)
3. Каныкей Манастын керээзин аткарып, баатырдын сөөгүн жашырып жерге берип, жаш баласы Семетейди, кайын энеси Чыйырдыны (өз аты Шакан) кошо алып төркүнү Самаркандга качып кетет. Семетей тагасы Ысмайылдын колунда тарбияланып, 12ге келгенде Таласка кайра келип, чоң атасы Жакыпты баш кылып Абыке менен Көбөштү жана Манаска каршы

болгондорду жок кылат. Алар Манаска аксак Темир менен биргелешип кеткендиги үчүн тескери болуп жүрүшкөн. Анткени, бул мезгилде Чынгыздын урпактары менен Темирлан согушуп жаткан мезгил эле. Жакыптын чоң энеси, Ногойдун энеси Чынгызхандын небере кызы болуп, Манастын аялы Каныкей (Санирабегим) атактуу Амир (Эмир) Темирдин (Темурлангдын) кызы. (38-бет)

4. Каныкей Семетей менен келип Таласта каза болгондо ага урмат кылына арналып күмбөз салынат. Күмбөздүн архитектурасы аялдыкы экендигин көрсөтүп турат. Кийин ал «Манастын күмбөзү» аталып калды. Күмбөздүн ичиндеги портесинде «күмбөз ***1334-жылы Канизек хатунга салынды»*** деп жазылган жазуу болгон. Бул жыл, түрк жыл эсептөөсү менен жазылган. Окумуштуу тарыхчы Е.И.Кычанов «кытай, орус жыл эсептөөсүндө түрктүкүнөн 111 жыл айырма бар» деп жазат. Ошол айырма боюнча күмбөз 1445-жылы курулган болот. ***Манастын жашаган мезгили 1346-1405-жылдарга туура келет***. (44-бет)

1. Эпосто Манас менен катар казактын баатыры Көкчө да оозго алынат. Ал эпосто Манастын чоросу, Айдархандын уулу, Эр Көкчө деген ат менен берилет. Чокан Валиханов өз мезгилинде «Манасты» изилдеп, ***Эр Көкчөнүн 1432-жылы каза болгонун*** орустун никоновдук летописинде жазылганын мисал келтирип далилдейт. (44-б) (Православ летописинде Никон Москва монастрында монах, өзү кыпчак. Ал летопис кийин кайгылуу өзгөртүлүп шерменде болот. Г.А.)

1. Баса белгилей кетчү нерсе, Манастын кыпчак колу, маңгыт, казак, нойгут, курамалардан, катагандардан, кыскасы, жалаң угуз уругунан куралган. (41-бет)

Демек, ***«Манас XIV кылымдын өкүлү! Ал ушул доордо гана башка тарыхый инсандар менен табыша алат, ушул доордо гана аты аталган шаарлар анын жанына келе алышат, топонимик жер-суулар аттары да жоголбой так айтылат».***

Бул пикирге тескери болгондор албетте чыгат, анткени бизди таптакыр башка кылып салганын билалбай келебиз.

Манастын урпактары тууралу, Эшимкандан Курманбекке чейин, Курманбектен Кан Шырдакка чейинки санжыраны Баткенде аксакалдар көп айтышат. Бирок Совет мектебинде «тарбияланып» калганданбы, китепте бары гана туура, жок болгондун баары жомок (калп) болуп сезилип келет. Манас болгону эпосто гана кездешип, ал да «жарымы жалган жарымы чын, жарандардын көөнү үчүн» деп башталып, анын чындыгын андан бетер күмөн кылып салды. Ак-караны ажыратып калгандар ушул күнгө чейинки тарыхтар, айрыкча кыпчактар, Манас тууралуу маалыматтар жашырылып, андан калганы бурмаланып кеткенин аңдап калышты.

А.Өмүралиевдин «Түрк-Ата, Кыргыз каганаты, Манас тарыхы» китебиндеги Манастын реалдуу инсан экендиги, анын XIV кылымда өмүр сүргөндүгү тууралу маалыматтар Сайф-ад-дин ибн Хак-Аббас Аксикенти 1503-жылы жазып калтырган «Мажму атут-таворих» китебинде кайталанат. Бул китеп, байыркы китептерди коммунисттер жана НКВД тарабынан жок кылуу аракетинде кудай колдоп сакталып, Манастын реалдуу инсан экендигин, анын кимдер менен мамиле кылып жана согушканын көрсөткөн жападан жалгыз байыркы китеп болуп саналат. Ал китепти карманган Молдо Назармат Жайлообаев ЧК адамдарынын зордуктап тартып алуусунан көп китептеринен айрылып, айрымдарын, анын ичинде ушул китепти жашырып сактап калган.

«Тарыхтар жыйнагы» бизден 500 жыл нары Манаска бир топ эле жакын доордо жазылып, андагы ар бир маалыматтын тууралыгына, автордун кудайдан корккон чындыкты гана айткан молдо экендиги да ишенимдүү кепилдик берип турат.

Бул китепти которгон, басмага даярдаган КРнын ИАнын кол жазмалар фондусунун башчысы Омор Соорон бул

китептеги ар бир маалымат тууралуу «1503-жылы жазылган МАНАС» (Бишкек.2003ж) деген китебинде илимий чечмелеп берет. Мына ошол китептеги маалыматтарды келтирип көрөлү, Манастын ким экендиги, анын жашаган доору тууралу кандай даректер айтылат экен.

1. Молдо Сайпидин Аксикенти өз доорунда диний эң жогорку окуу жайларынан билим алып, араб, фарсы тилдерин өз эне тилинен да ашыра билип, ал кыргыздын жана Манастын тарыхы тууралу эң алгачкы кагазга түшкөн уникалдуу «Мажму атут-таворих» аттуу кол жазмасын фарсы тилинде жазып калтырган. (6-бет)
1. Молдо Сайпидиндин «Мажму атут-таворих» кол жазмасын Жайлообаев Назармат 1968-жылы КРнын Илимдер Академиянын Тил-адабият институтунун колжазмалар фондуна өткөрүп берет. (инв №167/887)
2. Назарматтын чоң атасы Бейшекенин эки уулу болот, Койлонбай, Жайлообай деген. Койлонбай болуш болуп жүрүп, Коконду Кудаяр хандын катчысы болуп да иштеп калат. Ал бир күнү Жайлообайга төрт китеп алып келип: «Эч кимге бербе, көрсөтпө, бекиткин! Балдарың сабаттуу болгондо бересиң» деп кеткен экен. Мына ошол Ордодон келген «Равзатул сафо», «Мавронахур», «Тарихи-фарзона», «Мажму атут-таворих» Жайлообайда калып, кийин уулу Назарматтын колуна өтүп, алар араң сакталып калган. (9-бет)
3. Назарматтын уулу Ормонбек: «Атам китеп окуганды жакшы көрүп, көп китеп чогулткан эле. 1920-жылы НКВД кызматкерлери китептерди күч менен тартып алып, Касансай шаарынын орто аянтында үйүп өрттөп салат. Атам өтө баалууларын орго, дубал ортосуна бекитип сактап калган экен» - деп эскерет.
4. ***Каракыштактык Каркара кыпчактарынан чыккан Манас,*** Айкожону (Темиркожо) пир тутуп, Ширкент, Касан, Кара-кыштак, Манасия, Талас, Кабак, Атбашы
5.

тараптарда, калмактын уюгуна айланган Ыссыкөлдө калмак душмандар менен согушуп турду. (13-бет)

6. «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын майрамдамак болгондо, академик кыргыздан тарта короо шыпырган кыргызга чейин эле эпостун билерманы болуп, билген билбегени баары эле айтып да, жазып да жибериштн. Мындай тең ата «илимпоздук» улуу эпостун тиешелүү деңгээлде илимий талдоого алынбай калышына себепкер болуп, анан да «Манас» иликтөөчүлөр ойдукелди жазылган пикирлердин дурусун дурус деп, бурушун буруш деп айтканга жарабай калганы себеп болуп кетти окшойт. Ошонун кесепетинен элибиздин түшүнүгүн туман аралап, тарыхый Адам Манас менен эпикалык Манас чаташтырылып, кыргыз баласынын башы будуң-чаң болуп турган кез.(14-бет)
7. «Мажму атут-таворихте» Манас реалдуу турмушта болгон адам, тарыхый баатыр инсан катары берилет. Манастын реалдуу турмушта жашап өткөндүгүнө мурдатан эле күмөнүм жок болуп келген болсо, бул китепти которуп басмага даярдоодо андан бетер ишенип, көп нерселерди аңдап калдым. (18-бет)
8. «1254-1324-жылдары жашап өткөн Италиялык сакатчы Марко Поло өз күндөлүгүндө Хулагу хан (Алооке) 1217-жылы өлгөнүн, анын Абаги деген уулу болгонун жазып калтырган» (В.Шкловский. Земли разветчик. Изд-во ЦК ВЛКСМ «Молодая гвардия» Москва) «Мажму атут-тавворихте» да Алооке Жакыпка замандаш болгону, Манас төрөлгөндө Алооке да Абкахан деген балалуу болгону айтылат (19-б)
9. Буга караганда Манас XIII кылымдын аягында, XIV кылымдын башында жашап өткөнү кабарланат. Бул маалымат А.Өмүралиевдин маалыматына (1346-жыл) дал келип турат (Г.А.)
10. Кытайлык кыргыз тарыхчы Анвар Байтур: «Чагатай хандын уулу Карамуллаху (Кара Хулагу) 1242-жылы Талас кыргыздарын кыргын кылат. Чагатай урпагы Алагу 1260-1266-жылдары тяншандык кыргыздар

үстүнөн, айрыкча Талас, Ыссыкөл жана Иле өзөнүнүн бойлой кыргыздарга катуу зулум салат» - дейт. (Анвар Байтур. «Кыргыз тарыхынын лекциялары. «Учкун». 2-китеп. 1992-жыл. 42-бет)

11. Белгилүү полиглот (көп тил билген) окумуштуу Евгений Дмитриевич Поливанов «Мажму атут-таворих» менен али тааныш боло электе эле: «Так или иначе, есть основание сближать образ Манаса с эпохой Тимура и тимуридов, т.е. полагать, что историческая личность, могла быть или младшим современником самого Тимура» - деп жазыптыр. (АН. инв №134)
12. Белек Солтоноев «Махму атут-таворих» менен эч кандай кабары жок болсо да, анын директүү маалыматтары Молдо Сайпидин Аксикентинин маалыматтары менен окшошуп турат. Анын «Кызыл кыргыз тарыхы» китебинин 37-бетинде 1920-жылы Таластык кыргыздын берген маалыматын берет: «***Алма-Атага жакын Кара-Кыштак деген жерде кыпчактын локуш деген уругунан Манас деген баатыры*** каракытай каптап келгенде Таласка ооп келип, Намангендин Каракожо деген улугу менен бирлешип, каракытайды быт-чытын чыгара чаап, Кара-кыштакты кайра кыпчактарга бошотуп алышат». Анын Манастын Каракожо менен бир тарапта туруп согушкан, Манастын кыпчак болгондугу тууралу деректери, баары «Мажму атут-таворихтеги» окуяларга туптуура келет» (21-бет)
13. Жыйынтыктап айтканда, Манастын доорун XII кылымдан ары алып барууга болбойт. Анткени, XI кылымда жазылган Жусуп Баласагундун «Куттуу билим», Махмуд Кашкаринин «Түркий тилдер сөз жыйнагы» китептеринде Манас деген ат, же анын окуялары тууралу бир да сөз жолукпаганы да ырастап турат. (12-бет) ***Жыйынтыктап айтканда, Манасты жомок кылып, эпикалык каарман кылып, өтө эле байыркы кылып кечээ жакында эле «жасап» жибериши. «Чала молдо дин бузат» демекчи, ошол***

***«жасап жиберчү чала манасчылар» да Манастын тарыхынын аш-малтайын чыгара элге аралатып, элдин башын да ар тарапты каратып айлантып салышты.***

14. «Мажму атут-таворихте» «Долон бий балдары Адигине жана Тагай 1460-жылдар аралыгында жарыкка келишкен» деп берет. (21-бет) Бул маалымат А.Өмүралиевдин «Алтай тараптагы кыргыздардын башчысы Жанкороз бий Чагатай хандан суранып, Арпа, Ак-Сай тарапка өз элин көчүрүп келип жайгаштырат» деген маалыматына (Чагатай дооруна) өтө так туура келет. Жанкороздон Чамаш, андан Ак-Уул жана Куу-Уул, Ак-Уулдан Арстанбий, Арстанбийден Домбу бий, Домбудан Долон бий, Долон бийден Адигине, Тагай, Наалы эне, Мунгуш.
15. «Мурас» журналынын 1992-жылдагы №2-3 сандарындагы Орунбай Ахмедовдун макаласында кыргыздын улуу ойчулу жана санжырачысы Тоголок Моло: «***Шырдакбек кыпчак уруусунан, Эшимкандын тукуму. Эшимкандан Тейитхан, Тейитхандан Курманбек, Курманбектен Сейиткан, Сейиткандан Шырдакбек,...*** бүткүл Анжиян-арканы бийлеп, калмак менен беттешип турган. Эшимкан Манастын небереси Сейтектин тикелей урпагы болуп саналат. Ал эми ***Манастын атасы Йакуб-бий кыпчактын белдүү тобунан»*** - дейт.

Уяттуу тарыхчылар Манастын кыргыздын кыпчак уруусунан экендигин таанышпайт. Белгилүү түрколог академик В.В.Бартольддун ЧЫГАРМАЛАР илимий эмгектер топтомунун II том I бөлүгүндө **"Манастын эли каракаралык кыпчактар тууралуу"** деген атайын тема берилет

Манастын өмүрүнүн аягы эпосто жана реалдуу турмушта кандайча айтылат мына ошого да токтолуп кетели.

Манастын чыныгы турмуштагы окуяларын жана андагы тарыхый инсандарды уламыштарга айлантышып, аны тарых

беттерине таптакыр кирбей турган кылып салышты.

Эпосто Манас Кытайды басып алып, ал жерде хандык кылып, көп өтпөй эле душмандын колунан алган жаратынан улам кайтыш болгону айтылса, А.Өмүралиев Манастын Амир Темирдин аскеринин алдында чалгынчы аскер бөлүгүн башкарып, Манас Амир Темирге караганда 3 же 4 жыл мурда дүйнө салганын тастыктайт,

Амир Темир ошол Кытайдагы аз да болсо орногон бийликти кайра орнотуу үчүн 200 миң аскери менен казатка аттанып жатып, Яссы шаарынын жанында, Отрардын ордунда 71 жаш курагында, 1405-жылдын 18-февралында катуу оорудан улам кайтыш болуп калат.

Бул тарыхта калган реалдуу датаны Манастын 1347-жылы төрөлүп, 54 жашында 1401-жылы кайткандыгы тууралу дата менен салыштырып, чындыкты даана сезүүгө болот.

Манастын баш бабасы Байчур болсо, анын атасы Угузхан биздин эрага чейин жашап өткөн делинсе, дагын башка даректерде 350-жылдары жашап өткөндүгү тууралуу маалыматтар бар. Ал кайсы доордо делинсе да, анын реалдуу инсан экендиги көрүнүп турат. Угузханга чейинки санжыра Улуу Түрк санжырасынан алынат.



Биз «Ээ Алла, Манас атабыздын билип-билбей жасаган күнөөлөрүн кечире көр!» деп дуба кылып турушубуз керек. Бабабыз биздин эркиндигибиз үчүн канчалаган кан төккөндүр, канчалаган жаш агызгандыр.

## 3. Манастын генеалогиялык санжырасы.

Ата-энеден ажырап жетим болбо,
Эли-журтсуз тентиген кемтик болбо.
Айлананы сезбеген аңкоо сымал,
Ата-тегин билбеген тексиз болбо.

Кыргыздын кыпчак уруусунан болгон Манастан кан Шырдакка чейинки, андан тогуз уруу санжыраны Баткен тараптагы карыя аксакалдар оозмо-ооз айтып келишет.

1. Угузхандан Байчоро(Байчур), андан Байгур;
1. Байгурдан Түбөй (Түбөй Анжиян шаарын курат);
2. Түбөйдөн Көгөй (Көгөй Чынгызхандын баш уулу Жучинин Хан Батый менен бир тууган кызын алат),
3. Көгөйдөн Ногой (Ногой грек падышасынын кызы Давинаны алат, 15инде нойон болуп, Киевди алат),

Айрым деректерде, Байгурдан Көгөй, Көгөйдөн Ногой, Ногойдон Түбөй болуп айтылат. Конкреттүү даталардан улам, ушул вариант туура болушу да ыктымал. Бирок кандай болуп, орун алмашып айтылса да алар болгон инсандар.

4. Ногойдон Ороз, Үсөн, Бай, Жакып;
5. Байдан Бакай, Жакыптан Манас;
6. Манастан Семейтей, андан Сейтек;
7. Сейтектен Кенен,
8. Кененден Кулансары,
9. Кулансарыдан Алымсары. Жусуп Мамай жазуусунда

Кулансары менен Алымсары бир тууган, Кененден кийин Сейит, андан Асылбача-Бекбача, андан Чигитай болуп да берилет. Кандай болсо да илимий булактарда Эшимкан Сейтектин урпагы болуп даана берилет.

10. Сейтек урпагы Каркарахан;
11. Каркарахандан Эшимкан,
12. Эшимкандан Тейиткан,
13. Тейиткандан Курманбек,

14. Курманбектен Сейитхан (аяш атасы Аккан Кашкарда чоңойтуп, элине алып келип хандыкты алып берет),
15. Сейиткандан хан Шырдак.
16. Кан Шырдактан эки уул: Каражан менен Сарыжан.

Каражандан: Кожомүшкүр, Жартыбаш, Таз, Шерден.

Сарыжандан: Омонок, Алтыке, Жаманаң, Кармыш.

Зотовдун жасуусу боюнча, Кан Шырдак 1720-жылдары Кашкар шаарын башкарат. Кан Шырдактын Баткенде сепили болуп, ал калмактар менен кармашып жүрүп Нарын тарапта да сепил курат, бугу уруусунан да аял алып, андан эки уулдуу болот: Аккочкор менен Коңко. Карып, өмүр салып сөөгү ошол Нарын тарапта коюлат.

Манастын тушунда "Торайгыр", "Актачы" уруулары пайда болуп, Манастын торайгыр уруусунан болуп калат. Тогуз уруу кыпчактар Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан, Кытай аймактарында өмүр кечирип келишет.



## 4. “Ичкилик”, “аркалык” жана “үч канат”

Кыргызда башы көрүнгөн урууларды кыркка жеткирип, аларды бүгүнкү саясатчы-санжырачылар «Оң», «Сол», «Ичкилик» деп үч топко бөлүп айтышы Курултай маселесин көтөрүүдө даана байкалып турду.

Кыргызды кырк уруудан куралган курама эл катары көрсөтүү мезгилинде айрым бөлүүчүлөр үчүн керек болуп ар бир кыргыздын мээсине куюп келген болсо, аны бүгүнкү аалымдарыбыз эле «ушул гана туура, башкача болушу мүмкүн эмес» деше колмо-кол көтөрүп жөнөштү.

Бир караганда, өз ара бөлүнүп, ар башка түтүн булатып калган ата-бала уруулар да тең ата болушуп жанаша туруп калышканы, кээде туурадай да сезилип кетет. Бирок жаман жери, өз атасын ата кылып, чоң атасын жат кылып, эл тогузга эмес кыркка бөлүнүп кеткени, элдин биримдигин куроодо жана анын чыныгы тарыхын ачып берүүдө өтө эле катуу тоскоолдукту жаратып койду.

Бул үч топ кайдан чыга калды, «ичкилик», «аркалык» деген түшүнүктөр, аттар кайдан пайда болгон эле?

Чындап эле кыргыздар орто кылымдагы улуу өзгөрүүлөр алдында аз гана уруу-хандыктардан тургандыгын байкоого болот. Азыркы биз даңктаган кырк уруунун көпчүлүгү ал мезгилде оозго алынбайт, алар оозго алынган уруулардан бөлүнүп чыгып, атасы менен жанаша олтуруп калгандай. Натыйжада ата-бала урпактар өз ара жат болуша бөлүнүүсү бүгүнүкү биригүүгө чоң салакасын тийгизип келет.

Ошондон улам, элди бөлүп жарган санжырачылардын жүзүн ачып көрсөтүп, ар бир уруунун өз ара жакындыгын ачып берүү менен алардын ортосунда жылуу мамилеге жол ачкан тарыхый даректер абадай зарыл болуп турган чагы.

Бир эле маалыматтын карама-карышы берилишин илимдарыбыздын бири "мунусу туура" деп негиз кылса, экинчиси "анысы туура" деп том-том кылып жазгандары эртең эле макулатура болуп калбаса дегеним. Анткени, айрыкча түрк тектүү элдердин тарыхын түп-тамырынан бери өзгөртүп салыган маалыматтарды "мында минтип жазылып турбайбы" деп чыгышары бул эле жерде. Бурмалоочулардын колу тийбеген өзүбүз айтып жүргөн даректерде деле окшош келбөөчүлүк чү дегенде бут чалыштырат.

Маселен, Угузхандын хандык доору 350-жылдар болуп, ал 380-жылы урууларды бириктирип каган болгондон кийин алар "угуз уруулары" аталышгандыгы айтылса, дагын бир жерде анын доору биздин эрага чейин деп берилет.

Бир жерде Угузхандын уулу Тоохан болуп, андан таркаган эл «кыргыздар» болуп, алардын башына Ороз деген турат деп айтылса, дагы бир жерде Угузхандын уулу жалгыз Отор болгон делинет. Ал эми эпосто Угузхандын Байчоро, Жанчоро, Карачоро деген 3 уулу болгон деп айтылат.

Абулгазий Бахадурдун "Шажараи түрк" санжырасында кыргыз Көкхандан деп берилсе, тоого ыктаган кыргыз санжырачылары Тоохандан деп айтып салышкандай.

Кыргыздар кандайча «ичкилик» жана «аркалык» аталып калгандыгын ар ким ар түрдүү айтып келсе, А.Өмүралиевдин «тарыхты бурмалаган пес болот» деген накыл сөздү жакшы билегениненби, чындыкты коркпой жазыптыр. Анын «Түрк-ата, кыргыз каганаты, Манас тарыхы» (Бишкек. 1984) китебинен дагын бир жолу үзүндүлөр келтирип кетели.

1. Кыргыздар 380-жылдан 678-80-жылдарга чейин Орто Азияда туруп, алардын бир бөлүгү Белек кагандын тушунда араб-ислам аскерлеринен жеңилип, чыгышка карай көчүшөт. Булар барган жерде маңгыт, казак, кара калпак, коңурат, тайчыктар элдери турушкан эле. Алар түрк тукумдары жана татарлар (монголдор менен

бир тууган) болушуп, барган кыргыздар тобун «монголдор келди» деп, алар отурукташкан жерлер «монголдор жери», «Монголия» аталып калат. Барган кыргыздар ал жерде каганатын түзүшүп, анысы 900-жылдарга чейин мамлекет күчүндө болуп турду.

Кытай шаалары манжу элинин ***ойрот (калмак), чорок, тулеут, тыргоот*** урууларын «монголдор жерин» тартып алууга үгүттөп, аларга жардам берип отурукташуусуна көмөктөшөт. Бул жерге үстөмдүк кыла келип отурукташып алган «жунгарлар» да бара-бара «монголдор» аталып, Монголиядагы жунгарлар чыныгы монгол болгон угуз элине кайнаса каны кошулбайт. Алардын чыныгы монголдорго, андан чыккан тайчык элинин улуу уулу Чынгызханга да кыпындай тиешеси жок. Бул кагылышууларда кыргыздар акыркы каганы Алачхандан айрылышып, Энесай, Иртыш бойлоруна оошот. (54-бет)

*(Эпостордо «Манжу», «Жунгар» аралаш айтылып, манжулар көбүн эсе кытай түшүнүгүн берип калат. Кытайды «Жунго» деп аташат эмеспи. Г.А.)*

2. Чынгызхан өлгөндө анын бийлик кылган империясы 4 уулуна (Жучи, Чагатай, Угедей, Туле) бөлүнүп, Чагатай каганаттык кылган аймактагы элдер, анын ичинде кыргыздар да «чагатай эли» болуп аталат. Ошол кыргыздар Кызыл-Кыя, Анжиян, Алай аймагын, бетегелүү Кой-Таштан Гисар-Көлөбгө чейин, Ысык-Көл, Чүй, Балхаш көлүнө чейинки аймактарды ээлеп, башында атактуу Төлө бий турат.

Энесай тарапка ооп кеткен кыргыздар Чагатайга элчи жөнөтүп баалуу белектерди тартуулай, мындагы кыргыздарга кошулууга макулдугун алышат. Аларды Жанкороз бий баштап көчүрүп келип, Аксай, Арпадан тартып, Иле, Балхаш көлүнө чейин отурукташат. Өзү

карып, элин баласы Чамаска башкартат. Чамас элин эки уулуна бөлүп, чоң уулу Ак-Уулга тийген үлүшү Оң Багыш, кичи уулу Куу-Уулдун үлүшү Сол Багыш аталып калат. Ак Уулдан Арстан бий, андан Домбу бий, андан Долон бий. Долон бийден Адигине, Тагай, Мунгуш, Наалы эне. (1460 жилдар)

Ошондо Төлөбий башында турган жергиликтүү кыргыздар «ичкилик», Энесай тараптан келген кыргыздар «аркалык» аталып, алар жергиликтүү ичкилик кыргыздар менен калың карым-катнашта, ынтымакта жашап калышат. (54-б)

Айрым санжырачылар чыныгы тарыхтын аш малтайын чыгарып, кыргызды Адигине-Тагайдан баштап, балдарын «Оң», «Сол» кылышып, кыргыздын үч (Оң, Сол, Ичкилик) канатын мына ушул түшүнүктүн базасында айтышып, өтө эле орой каталыкка жол беришкен. «Үч канат» дегени андан алда канча мурда турмуштун эмес, согуштун талабынан аскерди башкаруу ыңгайына жараша пайда болгон эле.

Энесай тараптан боордоштору келгенче эле бул чоң аймактагы жергиликтүү кыргыз эли Чагатай империясынын үч канаттан турган негизги аскер курамын түзүп турган. Мындай экендиги Птоломей тарыхый булактарында ачык берилсе, ага А.Өмүралиевдин көз карашы да дал келет.

Сак, Искулет, Гунн деген элдер бир эле элдин ар түрдүү аталыштары экендиги, ал элдин мезгил карыта үч топко бөлүнүп ушул күнгө жетип келгендигин тарых иликтөөчү М.Жоош кызы Птоломейдин байыркы тарых барактарына таянып «Кара тоолук кыргыздар» эмгегинде баян кылат. Мына ошол эл өнүп-өсүп олтуруп, мамлекет куруп, мамлекеттин курамын белгилеп, аскер жана согуш тартиптерин киргизип калыптана баштайт.

Кыргыз элинин башында турган Төлөбийдин Солусбек, Булгаачы деген эки уулу болот. Төлөбий өз элинен үч түмөн аскер курап, Чагатай бийлеген аймакта үч түмөн аскери менен Чагатай мамлекетинин негизги кубаты болуп турат.

Ар бир түмөнү 80-100 миң аскерден деп айтылат. Анда, Төлөбий башкарган аскердин саны болжол менен 250-300 миң айланасында болот. Беш жашоочунун бири аскер болсо, Төлөбийдин ошол мезгилдеги элинин саны 1,2 млн айланасында болуусу мүмкүн эле. Албетте, ал элдин так санын санап берген киши деле жок.

Птоломей варианты боюнча, Төлөбийдин үч түмөн аскеринин Сол канатын Солусбек, Орто канатын Булгаачы башкарып, Оң канатында жети хандыкты бириктирип Төлө бий өзү башкарып, алар «Жетикашка» аталат. Булар өзбек тарых булактарында да «Йетикашка» болуп даана берилет.

Бул үч канаттагы уруулар ошол бойдон калыптанып калат. Ар бир канаттын ичиндеги уруулар аскер тартибинен улам жана өз элинин так маалыматын билип туруу үчүн аз көптүгүнө жараша миңдиктерди, жүздүктөрдү түзүшкөн.

Арка тараптан келген Жанкороз бий өз элинен куралган аскерге уулу Чамасты жетекчи кылып, 10 миңге жакын аскери менен Төлөбийдин үч түмөнүнүн жанына кошулуп, Чагатай аскеринин кубаты дагы арта түшөт.

Птоломей варианты боюнча, сол канат Солусбек тобунда каңды, бостон, тейит, аваат, оргу, баргы, кыдырша, ал эми орто канат Булгаачы тобунда кыпчак, кызылаяк болсо, оң канат «Жетикашка» тобунда: найман, кесек, нойгут, төөлөс болушуп, бардыгы 13 уруу.

Кытайдагы кыргыздар да негизинен ушул уруулардан туруп, алар кыргыз жана Манас тарыхынын тумандалып калышын, орус падышалыгынын жана коммунисттердин түрк тектүү элге карата уулуу саясаттарынан улам болду дешет.

Бүгүнкү күндө кыргыздын «ичкиликтер» аталган элди айрымдар негизинен тогуз уруудан (кыпчак, нойгут, төөлөс, ават, найман, бостон, тейит, каңды, кесек) турат дешсе, дагын башкалары буларга кошуп жоо кесек, кыдырша, кызылаяк, оргу, баргы, кара саадак, чапкылдык урууларын да тең ата катары оозго алышат. Ушул 16 уруу тең ата болобу, же ата-бала болобу, илимий даректерде «кыпчактар» болуп кезигет.

Бул уруулар араб, европа саякатчыларынын жол китептеринде, кытай архивдеринде жана башка дүйнөлүк тарыхчылардын эмгектеринде да кездешип, көпчүлүгү «Манас» эпосунда кеңири оозго алынып, Манас туусу астында бирге аттанышып, түтүндөрү бир жерден чыккан.

М.Жоош кызы Өзбекстан ичинде калган кыргыздарды иликтеп: «Птоломеде айтылган уруулар азыр да Ала-Тоо, Кара-Тоо, Памир, Алай, Алп-Тоо, Балкан-Тоо аймактарында өмүр кечирип келишет. Жаман жери, кыргыздар ар түрдүү саясаттын жана диндин таасиринде ар түрдүү болуп кетишүүдө. Совет доорунда түрдүү мамлекеттер түзүлгөндө, көптөгөн кыргыздар жерлери менен кошо ошол түрдүү мамлекеттердин курамында калгандан улам, алар кыргыз санжырасынын сыртында калышууда. Маселен, айтылуу Бухаранын тегерегиндеги, Самарканддын Ак-Дайра, Фарыш, Пахтачы, Пай-Арык жерлериндеги, Наманган, Фергана, Анжиян, Ташкент аймактарындагы «окчу», «муңат», «ак төөчү», «мунит», «актаачы», «терек» деген кыргыз уруулары кумга сиңгендей болуп өзгөрүп өзбектешип кетүүдө. Алар Кыргызстанда болбогондон улам, биротоло унутта калуу коркунучунда турат.» (14-бет)

Ал эми Россия аймагындагылар орусташып кетти. Кыргыз адабиятындагы «Манас» баш болуп, андан бери «Семетей», «Сейтек», «Эр Төштүк», «Курманбек», «Олжобай менен Кишимжан», «Жаныш-Байыш» ж.б. кыргыз элинин

рухун бийик көтөрүп турган улуу-кичүү эпостор, мына ушул урууларды мурасы болуп саналат. Бул элдин айрым бөлүктөрү башка мамлекеттин курамында калып, көлөмдүү эпостору казак, кара-калпак, өзбек, түркмөн элдеринин эпостору болуп, кыргыз элинин баалуу мурасы болбой калган өкүнүчтүү жагдайлар да жок эмес.

Бул элдин байыркы бабаларын тарых беттеринен өчүрүүгө канчалаган далалат жасалса да, айрымдары урпак учук улантыша бизге жетип келди. Биздин эрага чейинки Улуу Түрк каганатынын акыркы каганы Алп-Тонгага чейинки, III-VI кылымдардагы дүйнөдөгү эң чоң Улуу Түрк каганаттыгынын бардык кагандары, Европага крестти алып барган бүткүл европалык биргелешкен аскерди батыш Европадагы Катталуан талаасында жеңген Аттила, Огузхан, Абу Наср аль-Фараби, Манас, Эр Төштүк, Курманбек, Токтогул ырчылар, андан бери Кокон хандыгын түптөгөн Нарботобий, Мусулманкул аталык, Алымкул аталык, Ысхак-Полотхан, ж.б. толгон дүйнөлүк тарых беттеринде сакталып калган атуулдар да ушул уруулардан.

Ал эми Кыргыз мамлекетинин башында болушкан Абдыкадыр Орозбеков, Мурат Салихов, Исхак Раззаков, Төрөбай Кулатов, Абсамат Масалиев сыяктуу таанымал инсандар да ушул уруулардан чыгышып, бабалары Манас сыяктуу «кулаалы таптап куш кылып, курама топтоп эл кылып» дегендей, баш оттору менен кыргыздын биримдиги, мамлекеттин бүтүмдүгү үчүн күрөшүп келишти.

Бул элдин чыгаан уулдарынын Кокон хандыгын, Кыргыз ССРин, Кыргызстанды түптөө үчүн жасашкан иштерине, башка калып кыргыз элинин өзүнөн чыккан саткындар эле каршы чыгып келишкени да тарых беттеринде калып калды. Андайлар али да тыйылбай, бийлик-байлык деп жүрүп, ыплас жосундары менен кыргыз элин жексендеп салышпаса болду.

«Ичкилик» уруулары Чыңгызхан урпактары менен бирге болуп, «Булгачы» тобу 20 миң аскери менен Амир Темирге каршы согушка чыккандыгы да тарыхый даректерде кезигет. Манас окуясы менен үндөшүп турган мындай маалыматтар тапканы кыргызды өгөйлөгөн тарыхтар менен алектенип калышкан өзүбүздүн окумуштуулар тарабынан иликтенбей, кыргыз тарыхынан орун табылбаган кесепетинен эпостогу окуялар башкача өң берип турат.

Абытай Өмүралиевдин варианты чындап турмушка, чындыкка өтө жакын болгондуктан, аны төгүнгө чыгарууга далалат жасагандар өздөрүнүн ким экендигин бул эле жерде билдирип алышат, анын тарыхый көз караштарын кыргыз тарыхын жазуучулар негиз кылып алса болот. Анын Манас эпосунун 1000 жылдыгына карата «Түрк-Ата. Кыргыз каганаты. Манас тарыхы» (Бишкек. 1994) деген кичинекей китебин айрым көлөмдүү тарых китептер менен соода дүкөндөгү таразага салып салыштырса бир топ жеңил болуп калганы менен, ал чоң китептердеги маалыматтардын мазмуну бул китептеги маалыматтардын алдында өтө эле аянычтуу болуп каларын салыштырып окугандар гана билишет.



«Ичкилик», «аркалык», «үч канат» түшүнүктөрү мына ушундай, алар кайра кароону, ыплас ылайдан тазаланып өз бактысынын ачылышын күтүп турушат.

## 5. Айрым уруулардын чыныгы орду

Оорууну дарылоо үчүн ага диогноз коюлат эмеспи. Элдин бөлүнүп-жарылып жатышы – бул, кыргызды өлүмгө алпарчу өтө катуу ооруу. Бул ооруга чалдыккан кыргыз эли бириге албай, дарыланбай, тескерисинен ажырымы күчөп бара жатат. Ал ооруунун Кыргызстанда катталбай жаткан эки түрү бар. Бирөө, уруулардын таржымакалы өзгөртүлүп, натыйжада бөлүнүү, жат кылуу, бөтөндөтүү токтобой жаткандыгы. Экинчиси, кыргыздын көпчүлүк эли өз тилинде сүйлөгөн сөздөрдү жаза албай бөтөндөлүп, натыйжада кыргыз камырдай болуп бириге албай келе жатышы.

Бул дүйнөдө не деген апааттар, не деген бирин бири жок кылуулар, кошуп алуулар болуп өтпөдү. Кырчылдашкан кырдаалдардан улам эрлер гана эмес, айрым элдер да, уруулар да түбү менен жок болуп кетпедиби. Ал окуяларды элестете олтуруп, Кудайдын буйругу менен бу жарык дүйнөдө калгандары өз ара касташпай, урушпай, ырыс кешиктерин ынтымакта терип жешсе экен, кимиси кайда болсо да, кимдин колтугунда жүрсө да тириликтерин тынч өткөрүшүп, эсен болушса болгону деп каласың.

Уруш-жаңжалдан, уулуу саясаттан, катаал турмуш абалдан улам жок болуп кетпей, бирок тарых таржымалы башкача болуп калган уруулар өтө эле арбын кездешет. Замандын катаалдыгынан кайсы бир уруулар башка уруунун ичинде жан сакташып, ошонун курамында айтылып калат. Натыйжада, өзүнүн айланасындагы уруунун ээлеген ордуна карап, «ушундай болушу керек эле го» деп көп жаңылышкан учурлар да болот. Маселен, Баткен-Лейлек тараптагы "Аваат" уруусу тууралу китепте "Кыдырша" уруусу "Аваатардын" ичинде айтылат. Ал эми Жалал-Абад тарапта кыпчактын ичинде кездешет. Кыпчактын "Кызыл аяк"

уруусунун Лейлектеги бөлүгү “Кесек” уруусунун, Ноокат тарапта “Төөлөс” уруусунун ичинде айтылып калган.

“Актаачы”, “Чайырчы” ж.б. уруулар да ар жерде ар түрдүү башка уруулардын ичинде жылт дей түшөт. Мындай көрүнүштөр түштүктөн түндүк тарапка барып отурукташып калган элдерде да арбын кездешет.

Ал эми Өзбекстан тарапта калган кыргыздардын саны Кыргызстандагы кыргыздардын санынан бир топ көп болуп, бирок алардын уруулары, тарыхтары иликтенбей өзбектешип “азайып” кеткени дагын бир өкүнүчтүү көрүнүш.

Саясаттын уулуу чеңгелинде калышкан айрым чоң уруулар кыргыздын бир канатынан башка канатына өтүп калышкан учурлар да кездешет. Маселен, Кокон хандыгына каршы компанияда кыргыз элин бөлүп жаруу күчөп, санжыралар өзгөртүлүп, айрым уруулар өз тегин жоготуп, бөтөн дарактын көлөкөсүндө туруп калышты. Санжыраларды адаштырып, таптакыр дал келбеген байыркы аталарды “бир тууган” кылып айтылса эле, чыныгы бир тууган уруулар бөтөндөлүп, айрым чоң уруулар башка топтун ичине өтүп кеткени байкалат.

Мындай “өтүп кетүүлөр” ошол уруу башчыларын, манаптарын ынандыргандан кийин оңой эле жасала берген. Байлык менен бийликке көзү кызарган уруу башчылары өздөрү өз санжырасын башкача «жасап» чыгууга демилгечи болуп да чыга келишип, уруу башчы ордосунда айтылган «жаңы санжыра» андан ары «акылмандар» аркылуу ошол элдин түшүнүгүн түп-тамырынан өзгөртүүгө алып келет.

Кокон хандыгына каршы жаралган идеологиядан улам ага болгон жек көрүү көз караш кошо күчөп, бул хандыкты кыргыздар түптөгөнү айтылбай, ордо тарыхын кошо өзбек туугандардын энчисине өзүбүз эле өткөрүп берип койдук. Бул окуялар кыргыздын бөлүнүүсүн жараткан тарыхтагы кара

так болуп, аны кайра карап чыгууга тарыхчылардын даремети жетпейби, бөлүнүү оорусуна чалдыгып калган аларды тарых менен кошо дарылоо зарыл. Хандыкка болгон жек көрүү элдер арасына өтүп, элдин чыныгы өз тарыхы көз көрүнөө жоготулуп, бурмаланып, «түнтүк-түштүк» ажырымы да ошондон пайда болгон эле.

Көптөгөн уруулар ушундай катаал замандардын чарк айланткан тегирменинде калышып, алардын урпактары өз тарыхтарын таптакыр башка өңдө көрүп калышты. Маселен, «мундуз», «багыш», "моңол", "саруу", "кытай", "азык", "бычман", "бөрү" ж.б. көптөгөн уруулар каар замандын айдоосунда калышып, алар азыр да өздөрүнүн түпкү тарыхтарын, түпкү теги кыпчак экендигин айта албай келишүүдө. Сөзүбүз куру болбосун үчүн, мына ушул уруулардын таржымалы тууралу азын оолак сөз куралы.

**«Мундуз»** уруусу тууралу.

«Кыпчак» деген атты укканда денесин жин титирек баскандар Манастын уруусу тууралу ооз ачкысы келбегени менен, Манастын кыпчак уруусунан экендигин эсин жыйып калгандардын баары эле билип айтып калбадыбы.

Манастын каркаралык кыпчак экендиги бир топ тарыхый даректерде айтылса, орус интернет барактарындагы www.kurqus.ru сайтында да анын «Каркарахан тобунан» экендиги жазылып турат.

Өзбекстандын Фергана шаарынын четинде көрүстөн бар, аны «Бакай кабристаны» деп кошат экен. Мына ошол жердеги өзбек тууғандар өздөрүн "Биз Манастын урпактарыбыз, Каркарахан тобунан болобуз" дешет.

Сейтектин чөбүрөсү Каркара да хандык кылып, андан эки уул, Эшимкан менен Мундуз. Улуу бала Эшимкан хан бийлигин улантса, Мундуз өзүнчө түтүн булатып, «Мундуз

бий» атагы менен тарыхта калат. Мундуз бийдин эли «Мундуз» уруусу болуп түптөлүп, бирок, элди бөлүп-жаруу компаниясында бул уруу өз тегин башкача атап келишүүдө, кайда кантип жүрүшсө да аман болушса болгону. Бул уруу тууралуу даректүү тарыхый маалыматтар арбын кезигип, айрыкча байыркы бабалардан бурмалоонун ыплас оорсуна чалдыкпай келе жаткан санжыранын Тоголок Молдо тарабынан айтылышы эч кимди кайдыгер калтырбаса керек. Ал: «Манастын атасы Йакуб-бий кыпчактын белдүү тобунан. Эшимкан Манастын небереси Сейтектин тикелей урпагы. Кыпчак уруусунан Эшимкандын тукуму, бешинчи урпагы Шырдакбек да хандык кыла кыргыз жерин калмак баскынчылардан тазалоодо айрыкча аракет жасаган. Эшимкандын бир тууган иниси Мундуз-бийден таркаган урпактары «Мундуз» уруусу болуп, алар Манастын тикелей урпактары болушат» - деген тарыхый айткандары берилет.

Тоголок Молдонун Кан-Шырдак тууралуу айтканын кыргыздын дагын бир ойчулу Үсөйүн-ажы мындайча толуктайт: «Шырдакбек XVII кылымдын аягында өткөн кыпчак элинен чыккан баатыр, Анжиян-Арка аймагындагы кыргыз элинин акылман башкаруучусу болгон» - деп.

Ыплас саясаттын курмандыгы болушкан «Мундуз» уруусунун эли өз тегин айта албай Манастын тикелей урпактары деген баалуу сыймыктан да куру келе жатышат.

**«Багыш»** уруусу тууралу.

“Багыш” уруусу да «Мундуздар» сыяктуу эле мезгилинде ыплас саясаттын уулуу чеңгелинде калышып, азыр да бул оор жаранын запкысынан кутула албай келе жатышат. Булар да кыпчактын бир бутагы, Манастын тикелей урпактары экендиги жогорттогу Тоголок Молдо менен Үсөйүн-ажы айткан санжырада улай берилет.

Ага кошумча дагын кызыктуу маалыматты келтирели.

Манастан Семетей, андан Сейтек, Сейтектин урпагы Каркарахан, андан Эшимкан менен Мундуз. Эшимкандан Тейиткан, андан Курманбек, андан Сейиткан, андан Шырдакбек. Кан Шырдактын Баткенде сепили болуп, анын биринчи аялынан Каражан менен Сарыжан. Кан-Шырдактын бул Каражан-Сарыжан уулдарынан Баткендеги торайгыр, кожомүшкүр, жартыбаш, таз, шерден, омонок, кармыш, алтыке, жаманаӊ болуп, кыпчактын тогуз уруусу куралат.

Кан Шырдактын Курманбек чоӊ атасынан калган Көкарт дарыясынын боюнда ордосу болуп, өзү Нарында да сепил курдурат. Анткени, калмактар менен болгон жерге ээлик кылуу согушу али уланып жаткан. Жашы өтө калган кан Шырдак мына ушул тарапта жүрүп «бугу» элинен да үйлөнүп андан да эки уулдуу болот, Аккочкор менен Конко деген. Кан Шырдак өтүп сөөгү Нарын тарапта коюлуп, ордо бийлигин аялы жүргүзүп калат. Ал эненин аброю эл арасында жогору болуп, аны «Багыш эне» дешип, кан Шырдактын экинчи аялынан урпактары «Багыш» уруусу аталып, алар «баш бабабыз Аккочкор» дешет. «Багыш» эли Баткендеги тогуз уруу кыпчактар менен аталаш бир туугандар болгондон, мезгилинде карым-катнашта болушуп, тамаша катары «коӊкобай» деген сөз да ошол Коӊкодон улам айтылып, азырга чейин эл оозунан арыла элек.

Кыргыз тарыхчыларынын алдыӊкы катарында турган Белек Солтоноев өзүнүн эмгегинде кыргыздардын калмактар менен болгон согушун баяндап: «калмактар менен кармашта кыргыздан нечен азаматтар курман болушкан. Алардын ичинде кыргыздын «багышынан» атактуу баатырлар Аккочкор менен Конко болгон» - деп жазган жери бар. (ТАИнин кол жазмалар фондусу, инв№167)

Ал эми белгилүү окумуштуу тарыхчы А.В.Затаевич өзүнүн илимий иликтөө эмгегинде «У предшественника хана Гайша (Тейит) Шырдакбека были два сына, Аккочкор и Канкы. Они оба пали в битве кыргызов с калмаками, дело было лет 275 тому назад. Шырдакбек – бывший хан после Гайши» деп көрсөтөт. Окумуштуу Затаевичтин бул жазган күнүнө салыштыра келип, бул окуялар 1675-85-жылдарга туура келерин тапса болот. (ТАИ инв№201)

Мына ушул малыматтар, канчалаган тарых жоготуулар өкүм сүргөнүнө карабастан, кылыч менен чабылып, кан менен жуулуп отурса да не деген кылымдарды артына таштап ушул күнгө жетип келди. Ушундай маалыматтарды айткысы келбегендер, же бийлик менен байлыкка көзү кызаргандар өз элинин тегин танып жиберүүдөн да кайра кайткылары жок. Бул даректерден «багыш» уруусунун Шырдакбектен тикелей келип чыккан кыпчак уруусунун бир бутагы экендиги көрүнүп турат. Мына ушундан малыматтардан кийин да «багыш» эли башка жакты карай беришсе, алар да өздөрүнүн «Манастын тикелей урпактары» деген сыймыгынан мындан ары да кур жалак кала беришет.

**«Моңол»** уруусу тууралу.

Энесей тараптагы кыргыздарды Жанкороз баштап келип, элин баласы Чамаска башкартат эмеспи. Чамастан Ак уул, Куу уул. Ак уулдан Арстан бий, Арстан бийден Домбу бий, Домбу бийден Долон бий. Долон бийден Адигине, Тагай, Мунгуш, Наалы эне. Бул чындык калпка уланып кетпедиби.

Көптөгөн өздөрүн «билерман» санашкан сокур азаматтар «кыргыздар Долон бийден, Адигине-Тагайдан башталат» дешип туура эмес маалыматта жүрүшөт.

Анда «Долон бийге чейин кыргыз болгон эмеспи?», же «кыргыздар али жок болсо, анда Долон-бий кимге бийлик

кылган эле?» деген суроолор кошо жаралып, жогорттогу түшүнүктү өз алдынча эле жокко чыгарып салат.

«Моңол» уруусу Долон бийдин Наалы кызынан болуп, алар ата теги тарапта эмес эне теги тарапта болушуп, кыргыздардын оң канатындагы Долон бийден таркаган бир бутагы катары келе жатышат. Анда «булардын ата-теги кимдер?» деген жүйөлүү суроо туулат.

Санжырада Долон бий бир кыпчак жигитти асырап алып, ал чоңойгондо Наалы кызын ошого күйөөгө берет. Долон бий ошол кыпчак жигиттен көргөн небересин «Моңол» атап, андан таркаган журт “Моңол” уруусу болуп айтылып келет.

Интернет барагында «ЕВРОАЗИЙСИЙ исторический сервер» деген бар. Сиз ошол серверди интернеттин www.eurasica.ru дарегине кирип оңой эле таап ала аласыз. Мына ошол жерде академик В.В.Бартолддун «Каркаралык кыпчактар Манастын эли тууралуу» деген атайын темадагы илимий иликтөөлөрүн талкуулаган эмгек бар. Мен ошол талкуудан бир үзүндүнү аны эч котормосуз эле сунуш кылайын. Ал мындайча окулат:

> Обнаруживается тесная связь с кипчаками еще одного крупнейшего киргизского племени монолдор, легендарным предком которого считается Наалы-эже. Согласно киргизским генеалогиям, мужем Наалы-эже является кипчак Кёкё, имевший также прозвище Кёк-Бука. По преданиям он был сыном тору-кипчака Кылыч-Арстан-хана. Сын Кёкё по имени Монол и стал легендарным прародителем племени монолдор.

Мындан, «моңолдор» ген жагынан кыпчактар экендиги көрүнүп турат. Албетте, Долон бийдин жылуу кучагында чоңоюп, тарбиясын алган журт, аны көкөлөтө сыйлап келгени жакшы, бирок ата-тегин айта албай калганын өздөрү кандай баалашар экен? Ким кайда болсо да кыргыздын бир бутагы болуп аман болушса болгону дегенден башка не чара.


Ушул эле серверден башка уруулар тууралуу да кызыктуу маалыматтар берилет, аларды да ошол эле бойдон берүүнү туура көрдүм:

1. Племя кипчак является одним из крупных киргизских племен и входит в состав племенного образования ичкилик. Древний киргизско-кипчакский род джетти-кашка упоминается в списках кипчакских племен, описанных ан-Нувайри, ибн-Халдуном, Бейбарсом Эльмансури. Джети-кашка, как древний кипчакский род встречается и в составе современных узбеков. Поэтому род кытай–кипчак, род таз-кипчак, т.е. ***кипчакские роды «кытай» и «таз»*** тоже встречаются в составе узбеков.
2. Крупным киргизским племенем, вышедшим из ***кипчакской*** среды, является, племя ***кангды***. Связанное с такими государственными образованиями, как Кангюй, союзами кочевых племен кангарасов, печенегов и кангаров, племя кангды было известно в средние века под именем канглов/канглы.
3. Другим племенем, истоки которого восходят к кипчакам, является киргизская группа ***азык.*** Еще киргизский исследователь XIX века Белек Солтоноев отмечал то, что азыки происходят от кипчаков, что отцом легендарного Азыка был кипчак Кюртюк. Анализ родовых единиц этого племени полностью подтверждает это. Например, родовое подразделение ***бычман*** восходит к известному кипчакскому хану–Бычману, внуку или правнуку известного хана Боняка, предводителя кипчакского племени эльбури. Другой род азыков ***бёрю*** также соотносится со средневековыми кипчаками, с племенами эльбури, бёру, бурджоглы.
4. Еще одно крупное киргизское племя ***сарут*** восходит к народу, известному в средние века под именем сары или шары, которое справедливо отождествляется именно с кипчаками. Проведенное исследование показало, что определенная связь саруу с кипчаками через предания о казахском хане Эр-Эшима

обнаруживается в киргизских легендах.

Кайсы уруу кайда болсо да кыргыздын ыйык боз үйүнүн кырк ууктарынын бириндей түндүгүн бекем көтөрүп турушса, саясатын сассыгына тумчукпай, бөлүнбөй ынтымактын жылуу койнунда күтүрөшүп тиричиликтерин кылыша аман болушса болгону.

Акырында айтарым, айрыкча айрым саясатчылардын «кыргыз башка, ичкилик башка» деген бөлүүлөрүнөн сак болсок. Эгер анте берсек, кыргызды бөлмөк түгүл, ичкилик урууларынын каармандарын баяндаган, кыргызды дүйнөгө тааныткан «Манас» эпосу баш болуп, «Эр-Төштүк», «Жаныш-Байыш», «Олжобай менен Кишимжан», ж.б. башка эпостордун кыргыздыкы экендигин күмөндө калтырып алабыз. Бөлүнбөйлү, бир бололу кыргыз элим!



# МАЗМУНУ


1. Манас, тил боюнча кайчы пикирлер 3-17
2. Манастын кыпчак экендиги, доору 18-28
3. Манастын генеалогиялык санжырасы 29-30
4. «Ичкилик», «аркалык», «үч канат» 31-38
5. Айрым уруулардын чыныгы орду 39-47


Мындагы маалыматтардан кийин
кошумча же кайчы пикир
билдирүүнү каалагандар
байланышса болот


Эл. почта: eldos-51@mail.ru
Моб. тел: 0772 19-01-39
0557 20-03-66

«Саң-Сарай» тарыхый
этнографиялык музей коругу

Зак. 586. Тираж 400.

Типография Управления делами Президента Кыргызской Республики